# ФУТБОЛ БОЮНЧА КЫРГЫЗСТАН – МАЛАЙЗИЯ УЛУТТУК КУРАМАЛАРЫНЫН БЕТТЕШИ ЖАКЫНДООДО

6-июнь күнү борбор калабыздын башкы спорттук аренасы Дөлөн Өмүрзаков стадионунда футбол боюнча Кыргызстан жана Малайзия Улуттук курамалары ортосунда беттеш орун алат.

Аталган оюн 2026-жылкы Дүйнө Чемпионатынын квалификациялык экинчи раундунун бешинчи туру алкагында өтөт. Беттеш саат 21:00до башталат. Ал эми, көрүүчүлөр үчүн стадиондун кириштери саат 19:00дон баштап ачык болот.

Күйөрмандарды стадиондо семплинг зонасы, фудкорт, мерч сатуулары жана баалуу белектер менен ойноло турган конкурстар күтөт.

Аталган беттешке билеттер жакынкы убакытта ticket.kg, сайтында жана билет операторунун сатуу түйүндөрүндө жеткиликтүү болот.

Маалымат үчүн:

2026-жылкы Дүйнө Чемпионатынын квалификациялык оюндары үчүн чүчүкулактын жыйынтыгында 4 курамадан  турган 9 тайпа түзүлгөн. Кыргызстан курамасы Оман, Малайзия жана Кытайлык Тайбэй курамалары менен кошо «D» тайпасында жайгашкан.

Төртүнчү турдун оюндары алкагында Штефан Тарковичтин курамасы тогуз упай менен тайпанын турнирдик жадыбалында 1-орунду ээледи.

Квалификациянын экинчи раундунун жыйынтыгында ар бир тайпадан эң мыкты эки курама 2027-жылкы Азия Кубогуна жолдомо алып, 2026-жылкы Дүйнө Чемпионатына болгон жолдомого күрөшүн улантат.

«D» тайпасынын төртүнчү турдан кийинки турнирдик жадыбалы:

| № | Курама | О | Ж | Т | У | + | - | +\- | У |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргызстан | 4 | 3 | 0 | 1 | 11 | 5 | +6 | 9 |
| 2 | Оман | 4 | 3 | 0 | 1 | 7 | 1 | +6 | 9 |
| 3 | Малайзия | 4 | 2 | 0 | 2 | 5 | 7 | -2 | 6 |
| 4 | Кытайлык Тайбэй | 4 | 0 | 0 | 4 | 1 | 11 | -10 | 0 |

# ПРИБЛИЖАЕТСЯ ФУТБОЛЬНЫЙ МАТЧ МЕЖДУ НАЦИОНАЛЬНЫМИ СБОРНЫМИ КЫРГЫЗСТАНА И МАЛАЙЗИИ

6 июня на главной спортивной арене столицы – стадионе имени Долона Омурзакова - состоится матч между Национальными сборными Кыргызстана и Малайзии.

Данный матч пройдёт в рамках пятого тура второго раунда квалификации на Чемпионат Мира 2026. Начало матча в 21:00. Входы на стадион будут открыты для зрителей в 19:00.

Для болельщиков будут организованы различные активности: семплинг, фудкорт, продажа мерча, вступление диджея, конкурсы с подарками.

Билеты на данный матч в скором времени будут доступны на сайте ticket.kg, а также в точках продаж билетного оператора.

Для информации:

По итогам жеребьёвки были сформированы 9 групп по 4 команды в каждой. Сборная Кыргызстана расположилась в группе «D» вместе с командами Омана, Малайзии и Китайского Тайбэя.

После четвертого тура сборная под руководством Штефана Тарковича, с 9 баллами в активе, заняла первое место в турнирной таблице.

По итогам второго раунда квалификации по две лучшие команды из каждой группы выйдут в третий раунд отбора на Чемпионат Мира 2026, а также обеспечат себе участие в финальной стадии Кубка Азии-2027.

Турнирная таблица группы «D» по итогам четвертого тура:

| № | Сборная | И | В | Н | П | + | - | +\- | О |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргызстан | 4 | 3 | 0 | 1 | 11 | 5 | +6 | 9 |
| 2 | Оман | 4 | 3 | 0 | 1 | 7 | 1 | +6 | 9 |
| 3 | Малайзия | 4 | 2 | 0 | 2 | 5 | 7 | -2 | 6 |
| 4 | Китайский Тайбэй | 4 | 0 | 0 | 4 | 1 | 11 | -10 | 0 |